# Мугалимдер үчүн тренинг

## Тема: Бош калган колдор...

(«Мугалим- чырпыктан чынар өстүрөт» китебинен)

**Даярдаган:** Таабалдиева Г.А.
мектеп психологу




Экран бетинде эки гана кол турат, кичинекей колду чоң кол кармоого аракет кылууда...



Бардык терс көрүнүштөр, азаптар, сунулган колду убагында кармай албаганынан башталды. Ал кичинекей колду убагында кармай албагандар, кийин аны издесе да таба алышпайт.




Download from
ID 748267











**Колдор бош калбаш керек. (Түстүү сүрөттөр көрсөтүлөт)**

**Кылмыш кылган колдор да бир убакта кичинекей эмес беле?**

**Кандуу колдор да бир кезде сүт жыттанчу эмес беле?**

**Желим жыттанган колдор да, бир учурда наристенин жыпар жытына бөлөнүп, энесинин койнунда уктабады беле?**

**Ал колдорго куралды ким берди?**

**Ал сунулган колду ким кармай албады? Неге колдор бош калды?**

**Ошол сүйкүмдүү колдорго бүгүн эмне болду?**

Ата-энелер балдарынын, мугалимдер окуучуларынын каректерине карап жатканда, өлкөнүн эртеңине карап жаткандай карашыбыз керек.

Азыркы жашоонун негизги маселеси бул “жан дүйнө тынчсыздануусу” Жеке жашообуздагы көйгөйлөрдү эч качан мектепке, класска кошо алып кирбейли.Мектептин босогосунда таштап кирип, жеке көйгөйлөрдөн улам балдарга ачууланып, жүрөгүн ооруктанга акыбыз жок.



Ата-энелер мугалимдерди, мугалимдер ата-энелерди күнөөлөбөй ар бири жакын турган колдорго колун сунуусу керек.Бош калган колдор неге алып келет күбө болуудабыз.


School

**Урматтуу кесиптештер, сиз эч качан балага кыйкырбаныз.** Үнүңүздүн тонун көтөрүп сүйлөбөңүз.Акырын сүйлөсөңүз алар угат, болбосо сизден ашып кыйкырат.

Мугалимдердин жүрүм-туруму жана түшүнүгү тууралсында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында мугалимдин бир канча түрлөрү аныкталган, аларды төмөндөгүдөй 3 категорияга бөлүшкөн:

**1.Диктатор мугалимдер**

**2.Кайдыгер (көңүл кош) мугалимдер**

**3. Мыкты (кесипкөй ) мугалимдер.**

**Окуучуга айтып эмес, көрсөтүп үйрөтүңүз!!!**

Мисал: Автор мектептеги кыргыз тилчи мугалимин мисал келтирет. «Бир күнү эжекебиз класска жагымдуу маанай менен кирди. Негедир күндөгүдөн башкача.Эжекебиздин бою узун, чачы жер чийип турчу. Аябай чоң сумкасы бар болчу. Бүгүн ошол сумкасын толтуруп бир нерсе алып келди. Биз менен жайдары учурашты. Адаттагыдай доскага тема жазган жок. Бизди маанайыбызды сурады.Анан сумкасын ачып, ичиндегилерди столдун  үстүнө кое баштады. Алма, алмурут,конфеттин түрлөрү, кыскасы, көп нерсе.Алып келгендерин ар бирибизге тарата баштады.Өмүрү мындайды көрбөгөн биз бир чети кооптоно, бир чети таң кала баштадык. Суроо-жооптон кийин, сабак ортолоп калган эжеке: «Балдар азаматсыңар! Биз бүгүн силер менен «Сын атооч» деген теманы өттүк»- деди. Эрежесин айтып, бышыктап койду.Мугалим теманы турмуш менен байланыштырып, абстарктуу нерсени конкерттештирип берген экен.



**Мукамдуу үн, ширин сөз, жагымдуу маанай окуучуларды өзүнө тартат, билим алууга болгон кызыгууларын күчөтөт.**

# “2” коюп коркута албайбыз!!!

Мисалга токтололу: (140-бет) «Шаардагы мектептердин биринде иштечүмүн. Бир куну11-класста сабак өтүп жатып бир окуучу кызга «2» деген баа койдум.Сабакта тынч отурбай сүйлөй бергенинен ордунан тургазап, суроо берсем билбей койду. Ачуум келип: «Отур, эки сага!» дедим. Арадан 5 мүнөттөй убакыт өткөндөн кийин жанагы кыз «агай , уруксатпы» деп кол көтөрдү. Бир аз уялып калган го, же кайра даярданыпайтып бергени жататго деген ойдо баш ийкедим.Ордунан турду да «Агай , «2»нин жанына дагы бир «2» коюп койсонуз, ал жалгыз коркуп калбасын» дебеспи. Класстагылар дуу күлуп жибериштти.»

Демек, жыйынтык чыгарабыз...

**Мугалимдик кесип туурасында көп нерсе айтууга болот, ошолордун эң маанилүүсү мугалимдик кесиптин сүйүүгө таянган кесип болгондугунда.Бүгүнкү күндө инсандар сүйүүгө таянган тарбия методуна суудай эле муктаж болуп турат.**

